**Мектеп жана коомдук имараттар жана курулмалар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин айрым ченемдик-укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси А.У.Жапаровдун 2024-жылдын 14-октябрындагы №27-16607 тапшырмасын аткаруу менен, ошондой эле мектеп жана мектепке чейинки мекемелерде балдардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы №44 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин жобосун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 30-августундагы №78-чуа буйругу менен бекитилген КР КЧ 31-08:2024 "Мектеп имараттары. Долбоорлоо ченемдери" Кыргыз Республикасынын Курулуш ченемдерине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 6.12-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

"6.12. Жалпы билим берүү жана мектепке чейинки мекемелердин жер участоктору колдонуудагы ченемдик документтердин талаптарына ылайык бийиктиги 2 метрден кем эмес, бардык периметри боюнча тосмолору (темир) болушу керек жана окуучулардын имараттын кире бериш тарабынан көчөнүн жүрүүчү бөлүгүнө чуркап чыгуусуна тоскоол болуучу коопсуздук түзүлүштөрү болууга тийиш. Тосмону бойлото бак-дарактарды жана бадалдарды отургузуу менен жашыл бак-дарактардын тилкеси каралышы керек.".

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 13-декабрындагы №20-чуа буйругу менен бекитилген КР КЧ 31-04: 2018 "Коомдук имараттар жана курулмалар" Кыргыз Республикасынын Курулуш ченемдерине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 6.15-пункту төмөнкү редакциядагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

"Жалпы билим берүү жана мектепке чейинки мекемелердин жер участокторун колдонуудагы ченемдик документтердин талаптарына ылайык бийиктиги 2 метрден кем эмес, бардык периметри боюнча тосмолору (металл) болушу керек жана окуучулардын имараттын кире бериш тарабынан көчөнүн жүрүүчү бөлүгүнө чуркап чыгуусуна тоскоол болуучу коопсуздук түзүлүштөрү болууга тийиш. Тосмону бойлото бак-дарактарды жана бадалдарды отургузуу менен жашыл бак-дарактардын тилкеси каралышы керек.".

3. Архитектура, контролдоо жана техникалык ченемдөө башкармалыгы:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы №117"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтомуна ылайык бул буйрукту расмий жарыялоо боюнча чараларды көрсүн;

2) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө, аталган буйруктун жарыяланган булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберсин;

3) бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине маалымат үчүн жиберилсин.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары Б.Б. Турдугуловго жүктөлсүн.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**

**О внесении изменений в некоторые нормативно-правовые акты Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики в сфере школьных и общественных зданий и сооружений**

Во исполнение поручения Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики Руководителя Администрации Президента Кыргызской Республики Жапарова А.У. от 14 октября 2024 года № 27-16607, а также в целях обеспечения безопасности детей в школьных и дошкольных учреждениях, руководствуясь положением «О Государственном агентстве архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики», утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года № 44**, приказываю:**

1. Внести в строительные нормы Кыргызской Республики СН КР 31-08:2024 «Школьные здания. Нормы проектирования» утвержденные приказом Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 30 августа 2024 года № 78-нпа следующие изменения:

1) пункт 6.12 изложить в следующей редакции:

«6.12. Земельные участки общеобразовательных и дошкольных учреждений должны иметь ограждение (металлическое) по всему периметру, высотой не менее 2 метра в соответствии требованиями действующих нормативных документов и иметь предохранительные устройства, препятствующие выбеганию учащихся на проезжую часть улицы со стороны входа в здание. Вдоль ограждения следует предусматривать полосу зеленых насаждений с посадкой деревьев и кустарников.».

2. Внести в строительные нормы Кыргызской Республики СН КР 31-04:2018 «Общественные здания и сооружения» утверждение приказом Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики 13 декабря 2018 года № 20-нпа следующие изменения:

1) пункт 6.15 дополнить третьим абзацем в следующей редакции:

«Земельные участки общеобразовательных и дошкольных учреждений должны иметь ограждение (металлическое) по всему периметру, высотой не менее 2 метра в соответствии требованиями действующих нормативных документов и иметь предохранительные устройства, препятствующие выбеганию учащихся на проезжую часть улицы со стороны входа в здание. Вдоль ограждения следует предусматривать полосу зеленых насаждений с посадкой деревьев и кустарников.».

3. Управлению архитектуры, контроля и технического нормирования:

1) принять меры по официальному опубликованию настоящего приказа в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;

2) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования указанного приказа в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить в Кабинет Министров Кыргызской Республики для информации.

4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Б.Б. Турдугулова.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**

**«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин мектеп жана коомдук имараттар, курулмалар чөйрөсүндөгү айрым ченемдик-укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» буйругунун долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМ КАТ**

**1. Максаты жана милдеттери**

Бул буйрук Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан курулуштагы ченемдик базанын тутумун түзүү жана мектеп жана мектепке чейинки мекемелердин объекттерин долбоорлоо боюнча курулуш ченемдерин өркүндөтүү, балдардын коопсуздугу боюнча талаптарды күчөтүү жана мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин объекттериндеги коопсуздукту камсыздоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык келтирүү максатында даярдалган.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдеринин аткарылышын контролдоо башкармалыгы тарабынан жалпыга маалымдоо каражаттарына мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө төмөндөгүлөр белгиленди.

Ошентип, ар кандай интернет басылмаларда 2024-жылдын 4-октябрында болжол менен саат 08:00 чамасында Сокулук районунун Гавриловка айылында кичи автобус трассанын жанындагы бала бакчанын тосмосун сүзүп, эч ким жабыркабагандыгы тууралуу маалымат жарыяланган. Мындан тышкары, 2024-жылдын 4-октябрында болжол менен саат 18:30 чамасында «Арча-Бешик» конушунда Lexus 470 автомашинасынын айдоочусу унааны башкара албай калып, трассадан чыгып, 10 жаштагы кызды сүзүп, андан кийин жеке бала бакчанын металл тосмосун сүзүп, мектепке чейинки мекеменин бардык аймагынан өтүп кеткен.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген «Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» 5-тиркемесине ылайык, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын аймагы периметри боюнча дубал жана бак-дарактар тилкеси менен тосулат. Бак-дарактар (МЧББУ) имаратынан 15 метрден жакын эмес, ал эми бадалдар 5 метрден кем эмес аралыкта отургузулат. Мынтан сырткары, КР КЧ 31-08:2024 «Мектеп имараттары. Долбоорлоо ченемдерине» ылайык, жалпы билим берүү мекемелеринин жер участокторунун айланасы колдонуудагы ченемдик

документтердин талаптарына ылайык, 1,2 м кем эмес бийиктиктеги тосмо менен тосулууга тийиш жана имараттын кирме тарабында окуучулардын транспорт жүргөн көчөгө чыгуусунан коргоочу коопсуздук түзүлүш менен камсыздалышы керек. Тосмонун айланасына бактарды жана бадалдарды отургузуу менен жашыл көчөт тилкеси каралууга тийиш.

Ченемдик укуктук актыларга жүргүзүлгөн талдоо колдонуудагы ченемдерде балдарды тышкы таасирлерден коргоого карата талаптар жок экендигин көрсөттү. Ошондуктан, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана имараттарды, жер участокторун, аймактарды жайгаштырууга жана тутумун уюштурууга, жаңы, реконструкцияланууучу жана капиталдык оңдолуучу, анын ичинде коомдук арналыштагы, турак имараттарга жана коомдук имараттарга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык келүүчү башка объекттерге курулуучу коомдук имараттарды жана курулмаларды долбоорлоого карата негизги жоболорду жана талаптарды белгилөөчү КР КЧ 31-08:2024 «Мектеп имараттары. Долбоорлоо ченемдери» жана КР КЧ 31-04:2018 «Коомдук имараттар жана курулмалар» курулуш ченемдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы келип чыкты.

Бул долбоор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси А.У. Жапаровдун 2024-жылдын 14-октябрындагы № 27-16607 тапшырмасын аткаруу үчүн даярдалган.

Бул курулуш ченемдерине мектеп жана мектепке чейинки мекемелердин аймагына кирүүгө тоскоолдук кылуучу кошумча тосмолорду милдеттүү түрдө орнотуу бөлүгүндө өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин болжолдору**

Бул долбоорду кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык бул долбоор коомдук талкуу жол-жобосунан өтүү үчүн жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Берилген долбоор колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Бул буйруктун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен финансылык чыгымдарга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген долбоор жөнгө салуучулук таасирин талдоону талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетине караштуу**
**Архитектура, курулуш жана**
**турак жай-коммуналдык**
**чарба мамлекеттик агенттигинин**
**директорунун орун басары** **Б.Б. Турдугулов**

**СПРАВКА-ОБОСНОВАНИЕ**
**к проекту приказа «О внесении изменений в некоторые нормативно-правовые акты Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики в сфере школьных и общественных зданий и сооружений»**

**1. Цель и задачи**

Настоящий приказ подготовлен Государственным агентством архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики с целью создания системы нормативной базы в строительстве и совершенствование строительных норм по проектированию объектов школьных и дошкольных учреждений, усилить требования по безопасности детей и обеспечить безопасность в объектах школ и дошкольных учреждений и приведения в соответствие с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

**2. Описательная часть**

Управлением контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики в ходе мониторинга средств массовой информации установлено следующее.

Так, в разных интернет-изданиях опубликована информация о том, что 4 октября 2024 года примерно в 08:00 часов в селе Гавриловка Сокулукского района микроавтобус протаранил забор детского сада рядом с трассой, никто не пострадал. Кроме того, 4 октября 2024 года примерно в 18:30 часов в ж/м.«Арча-Бешик» водитель автомашины Lexus 470 не справился с управлением авто и съехав с трассы совершил наезд на 10-летнюю девочку, а затем протаранив металлический забор частного детского сада проехал по всей территории дошкольного учреждения.

В соответствии с приложением 5 «Санитарно-эпидемиологические требования к устройству, содержанию и организации режима работы в дошкольных образовательных организациях», утвержденному постановлением Правительства Кыргызской Республики № 201 от 11 апреля 2016 года, территория дошкольных образовательных организации по периметру ограждается забором и полосой зеленых насаждений. Деревья высаживаются на расстоянии не ближе 15 м, а кустарники - не ближе 5 м от здания (ДОО). Кроме того, согласно СН КР 31-08:2024 «Школьные здания. Нормы проектирования», земельные участки общеобразовательных учреждений должны иметь ограждение по всему периметру, высотой не менее 1,2 м в соответствии требованиями действующих нормативных документов и иметь предохранительные устройства, препятствующие выбеганию учащихся на проезжую часть улицы со стороны входа в здание. Вдоль ограждения следует предусматривать полосу зеленных насаждений с посадкой деревьев и кустарников.

Проведенный анализ нормативных правовых актов показал, что в

действующих нормах отсутствуют требования к защите детей от наружного воздействия. Таким образом, назрела необходимость разработки нормативного правового акта и внесении изменений в СН КР 31-08:2024 «Школьные здания. Нормы проектирования» и СН КР 31-04:2018 «Общественные здания и сооружения» которые устанавливают основные положения и требования к размещению и организации системы зданий, земельному участку, территории, на проектирование новых, реконструируемых и капитально ремонтируемых общественных зданий, и сооружений, в том числе общественного назначения, встраиваемые в жилые здания и в другие объекты, соответствующие санитарно-эпидемиологическим требованиям к общественным зданиям.

Данный проект приказа подготовлен во исполнение поручения Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики Руководителя Администрации Президента Кыргызской Республики Жапарова А.У. от 14 октября 2024 года № 27-16607.

В настоящих СН внесено изменение и дополнения в части обязательного установления дополнительных ограждений, препятствующих заезду на территории школьных и дошкольных учреждений.

**3. Прогнозы возможных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий**

Принятие данного проекта приказа негативных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий не повлечет.

**4. Информация о результатах общественного обсуждения**

В соответствии со статьей 22 Закона «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики» данный проект будет размещен для прохождения процедуры общественного обсуждения.

**5. Анализ соответствия проекта законодательству**

Представленный проект не противоречит нормам действующего законодательства, а также вступившим в установленном порядке в силу международных договоров, участницей которых является Кыргызская Республика.

**6. Информация о необходимости финансирования**

Принятие настоящего проекта приказа не повлечет финансовых затрат из республиканского бюджета.

**7. Информация об анализе регулятивного воздействия**

Представленный проект не требует проведения анализа регулятивного воздействия, поскольку не направлен на регулирование

предпринимательской деятельности.

**Заместитель директора**
**Государственного агентства**
**архитектуры, строительства**
**и жилищно-коммунального хозяйства**
**при Кабинете Министров**
**Кыргызской Республики** **Б.Б. Турдугулов**

**«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин мектеп жана коомдук имараттар, курулмалар чөйрөсүндөгү айрым ченемдик-укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» буйругунун долбооруна салыштырма таблица**

| **Колдонуудагы редакция** | **Сунушталган редакция** |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 30-августундагы № 78-чуа буйругу менен бекитилген «КР КЧ 31-08:2024 «Мектеп имараттары. Долбоорлоо ченемдери» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдери** | |
| **~~6.12 Жалпы билим берүү мекемесинин жер участокторунун айланасы колдонуудагы ченемдик документтердин талаптарына ылайык, 1,2 м кем эмес бийиктиктеги тосмо менен тосулууга тийиш жана имараттын кирме тарабында окуучулардын транспорт жүргөн көчөгө чыгуусунан коргоочу коопсуздук түзүлүш менен камсыздалышы керек. Тосмонун айланасына бактарды жана бадалдарды отургузуу менен жашыл көчөт тилкеси каралууга тийиш.~~** | **6.12 Жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки мекемелердин жер участокторунун айланасы колдонуудагы ченемдик документтердин талаптарына ылайык, 2 м кем эмес бийиктиктеги тосмо (металл) менен тосулууга тийиш жана имараттын кирме тарабында окуучулардын транспорт жүргөн көчөгө чыгуусунан коргоочу коопсуздук түзүлүш менен камсыздалышы керек. Тосмонун айланасына бактарды жана бадалдарды отургузуу менен жашыл көчөт тилкеси каралууга тийиш.** |
| **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 13-декабрындагы № 20-чуа буйругу менен бекитилген «КР КЧ 31-04:2018 «Коомдук имараттар жана курулмалар» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдери** | |
| 6.15 Биринчи класстардын, ошондой эле балдар бейтапканаларынын жана стационарларынын, балдар оюн-зоок мекемелеринин имараттары жайгашкан | **6.15 Биринчи класстардын, ошондой эле балдар бейтапканаларынын жана стационарларынын, балдар оюн-зоок** |

| | |
|---|---|
| мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, мектептердин жана мектеп-интернаттардын окуу корпустарынын имараттарында тосмолор төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:<br>балдар пайдалануучу тепкичтердин тосмолорунун бийиктиги 1,2 м кем эмес, ал эми мектепке чейинки уюмдарда акыл өнүгүүсү бузулган балдар үчүн - 1,8 м же тор менен туташ тосулган учурда 1,5 м болууга тийиш.<br>тепкичтердин 0,9 м бийиктикте, ошондой эле кошумча 0,5 м бийиктикте эки деңгээлде орнотулган эки тараптуу кармагычтары болууга тийиш. | **мекемелеринин имараттары жайгашкан мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, мектептердин жана мектеп-интернаттардын окуу корпустарынын имараттарында тосмолор төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:**<br>**балдар пайдалануучу тепкичтердин тосмолорунун бийиктиги 1,2 м кем эмес, ал эми мектепке чейинки уюмдарда акыл өнүгүүсү бузулган балдар үчүн - 1,8 м же тор менен туташ тосулган учурда 1,5 м болууга тийиш.**<br>**тепкичтердин 0,9 м бийиктикте, ошондой эле кошумча 0,5 м бийиктикте эки деңгээлде орнотулган эки тараптуу кармагычтары болууга тийиш.**<br>**«Жалпы билим берүү жана мектепке чейинки мекемелердин жер участокторунун айланасы колдонуудагы ченемдик документтердин талаптарына ылайык, 2 м кем эмес бийиктиктеги тосмо (металл) менен тосулууга тийиш жана имараттын кирме тарабында окуучулардын транспорт жүргөн көчөгө чыгуусунан коргоочу коопсуздук түзүлүш менен камсыздалышы керек. Тосмонун айланасына бактарды жана бадалдарды отургузуу менен жашыл көчөт тилкеси каралууга тийиш».** |

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары** **Б.Б. Турдугулов**

**Сравнительная таблица**
**к проекту приказа «проекту приказа «О внесении изменений в некоторые нормативно-правовые акты Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики в сфере школьных и общественных зданий и сооружений»**

| **Действующая редакция** | **Предлагаемая редакция** |
|---|---|
| **Строительные нормы Кыргызской Республики СН КР 31-08:2024 «Школьные здания. Нормы проектирования» утвержденные приказом Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 30 августа 2024 года № 78-нпа** | |
| ~~**6.12 Земельные участки общеобразовательных учреждений должны иметь ограждение по всему периметру, высотой не менее 1,2 м в соответствии требованиями действующих нормативных документов и иметь предохранительные устройства, препятствующие выбеганию учащихся на проезжую часть улицы со стороны входа в здание. Вдоль ограждения следует предусматривать полосу зеленных насаждений с посадкой деревьев и кустарников.**~~ | **6.12 Земельные участки общеобразовательных и дошкольных учреждений должны иметь ограждение (металлическое) по всему периметру, высотой не менее 2 метра в соответствии требованиями действующих нормативных документов и иметь предохранительные устройства, препятствующие выбеганию учащихся на проезжую часть улицы со стороны входа в здание. Вдоль ограждения следует предусматривать полосу зеленных насаждений с посадкой деревьев и кустарников.** |
| **Строительные нормы Кыргызской Республики СН КР 31-04:2018 «Общественные здания и сооружения» утверждение приказом Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики 13 декабря 2018 года № 20-нпа** | |
| 6.15 Ограждения в зданиях дошкольных образовательных организаций, школ и учебных корпусов школ-интернатов, где расположены помещения первых классов, а также | **6.15 Ограждения в зданиях дошкольных образовательных организаций, школ и учебных корпусов школ-интернатов, где расположены** |

| | |
|---|---|
| детских поликлиник и стационаров, детских зрелищных учреждений должны отвечать следующим требованиям:<br><br>высота ограждений лестниц, используемых детьми, должна быть не менее 1,2 м, а в дошкольных организациях для детей с нарушением умственного развития - 1,8 м или 1,5 м при сплошном ограждении сеткой;<br><br>лестницы должны иметь двусторонние поручни, которые устанавливаются на двух уровнях, – на высоте 0,9 м, а также дополнительный на высоте 0,5 м. | **помещения первых классов, а также детских поликлиник и стационаров, детских зрелищных учреждений должны отвечать следующим требованиям:**<br>**высота ограждений лестниц, используемых детьми, должна быть не менее 1,2 м, а в дошкольных организациях для детей с нарушением умственного развития - 1,8 м или 1,5 м при сплошном ограждении сеткой;**<br>**лестницы должны иметь двусторонние поручни, которые устанавливаются на двух уровнях, – на высоте 0,9 м, а также дополнительный на высоте 0,5 м.**<br>**«Земельные участки общеобразовательных и дошкольных учреждений должны иметь ограждение (металлическое) по всему периметру, высотой не менее 2 метра в соответствии требованиями действующих нормативных документов и иметь предохранительные устройства, препятствующие выбеганию учащихся на проезжую часть улицы со стороны входа в здание. Вдоль ограждения следует предусматривать полосу зеленых насаждений с посадкой деревьев и кустарников».** |

**Заместитель директора Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики** **Б.Б. Турдугулов**